*УДК: 81-112 (575,2) (043,3)*

*DOI: 10.35254/bhu.2019.47.27*

***Г.К.Рысбаева,*** *ф.и.д.,*
***Ш.Б.Бәйнеш,*** *п.и.д.*
*Нұр-Мүбарак ЕИМУ, Алматы.*

# АДАМ АТТАРЫНА БАЙЛАНЫШТУУ ЫСЫМДАРДЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

# ОСОБЕННОСТИ ИМЕН, СВЯЗАННЫХ С ЧЕЛОВЕКОМ

# FEATURES OF HUMAN RELATED NAMES

***Аннотация:*** *Бул макалада араб, перси, түрк тилдеринен кабыл алынган кудай («алла», «теңир») темасына байланыштуу когнитивдик фразеологизмдери иликтөөгө алынган. Учурда жалпы адамзаттык деңгээлде дүйнө таанууга тиешелүү дүйнөнүн тилдик элеси маселеси жана филологиялык түшүнүктөрдүн катарына кирет. «Тил –ойлоо –дүйнө» триядасында «Дүйнөнүн тилдик элеси, дүйнөнүн концептуалдык элеси» маселелерин изилдөө азыркы тил илиминдеги актуалдуу маселелердин алкагына кирет. Дүйнөнүн тилдик элеси –тил маселесинде борбордук орунду ээлеген адамга тиешелүү тилдик формада жана структурада реалдуу болмуштун өзгөчө ыкмада чагылдырылышы, элестелиши макалада кеңири сөз болот.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *антропонимдер, тотемизм, анимизм, семантика, адам аттары,дүйнөнүн образы, культтук сөздөр.*

***Аннотация:*** *В статье рассматриваются антропонимы арабско-персидского происхождения, посвящённые культу Бога («Құдай», «Алла», «Тәңірі»), а также связанные с ними когнитивные фразеологизмы в тюркских языках. В настоящее время рассмотрение языковой картины мира в общечеловеческих понятиях познания мира, являются философским и филологическим понятиями. Исследование «Языковой картины мира» и «Концептуальной картины мира» в триединстве «Язык-мышление-мир» является одной из актуальных проблем современного языкознания. Языковая картина мира - специфический для данного языка способ отражения и представления действительности в языковых формах и структурах в ее отношении с человеком, который является центральной фигурой языка.*

***Ключевые слова:*** *антропонимы, тотемизм, анимизм, семантика, имена людей, образ мира, культовое слово.*

***ABSTRACT:*** *The article deals with anthroponomy of the Arab-Persian origin that are devoted to the cults of the God, and related to them cognitive phraseologies in Turkic languages. The main cognitive concepts that are reflected in the national Turkic in verbal parasitological units from lingo-cultural and ethno linguistic aspects are analyzed. Now consider the language picture of the world in general human cognition in the unity of the world model, and with the same conceptual view of the world is a philosophical and philological concept. The study «Language world» and «Linguistic Map of the World» in the trinity «Language-thought-world» is one of the urgent problems of modern linguistics. Language world - a specific method for the language of reflection and representation of reality in language forms and structures in its relation with the person who is the central figure of the language.*

***Keywords:*** *anthroponyms, totemism, animism, semantics, names of people, image of the world, cult word.*

Когнитивдик парадигмадагы башкы принцип – антропоцентристик көз караш. Себеби тилдин функционалдык-коммуникативдик системасында адам болмушуна байланыштуу калыптанган культтук лексемалардын эң көбү адамга байланыштуу лексемалар. Ошондуктан «Адам» концептисине байланыштуу тилдик лексемалар башкы орунга, чоң мааниге ээ. Андай болгонунун дагы бир себеби адам – дүйнө таанымда-

гы башкы маселе. Адам баласы дүйнө танымды өзүн таануудан баштайт.

Биз культтук лексемалар менен фразеологизмдердин табиятын терең түшүнүүнүн бир жолу катарында культтук лексемалар менен фразеологизмдердин мотивациясын *аалам бейнеси* же *дүйнө бейнеси* деп алдык да, аларды топтоштурууда академик А.Т.Кайдардын көп жылдык тажрыйбасынан тандалып алынган **«Адам», «Коом», «Табият»** деп аталган үч чоң идеографикалык классификациясын жетекчиликке алдык [1, 19- б.]. Аталган классикалык үч тематика боюнча культтук түшүнүктөргө байланыштуу культтук лексемалар менен фразеологизмдерди төмөндөгүдөй топтоштурууну туура көрдүк: 1) «Адам» концептиси боюнча топтоштуруу; 2) «Коом» концептиси боюнча топтоштуруу; 3) «Табият» концептиси боюнча топтоштуруу.

Тилдин когнитивдик мейкиндигинде «Адам» концептисине байланыштуу тилдик лексемалар ар түрдүү тилдик бирдиктер аркылуу берилет. Адамдын ар кандай касиеттерин негиз кылып алып, биз «**Адам**» аттуу маанилик макротопко кирген культтук лексемаларды лингвокогнитивдик жактан **«Адам аттары»** деген тематикада тогуз тематиканын тегерегинде карайбыз. Алар: 1) Жаратуучу күчтөргө байланыштуу ысымдар; 2) Алланын көркөм ысымдары; 3) Пайгамбарлардын ысымы; 4) Халифалардын жана периштелердин ысымы; 5) Касиеттүү пирлер менен олуялардын ысымы; 6) Айбандардын аты менен байланышкан ысымдар; 7) Төрт түлүк малга байланышкан ысымдар; 8) Асман телолоруна байланышкан ысымдар. 9) Сандарга байланыштуу ысымдар.

«Адам» концептиси боюнча маанилик макротопко кирген культтук лексемалардын басымдуу көпчүлүгүнүн мааниси адамды, адам өмүрүн, анын кызматын бейнелейт. Адам менен аны курчап турган ааламдын өз ара аракетин бейнелейт. В.А.Маслованын аныктамасы боюнча: «Концепт» – лингвомаданияттык өзгөчөлүгү бар, белгилүү бир этномаданияттын өкүлдөрүнүн кулк-мүнөзүн, менталитетин сыпаттаган сематикалык түзүлүш. Концепт этникалык коомдун дүйнө таанымын бейнелөө аркылуу ааламдын этникалык тилдик сүрөтүн белгилейт. Ошону менен бирге, концепт – билимдердин кванты, ал адамдын иш-аракетинин мазмунун бейнелейт [2, 36 -б.]

Ар бир этностун каада-салтында, диний ишениминде, руханий-маданий казынасында адам аң сезими менен тыгыз байланыштуу, өзгөчө маданий мазмунга ээ культтук лексемалар болот. Алардын антропонимиялык кордогу үлүшү жана көлөмү айкын билинип турат. Антропонимдерде элдин этикалык өзгөчөлүгү көрсөтүлүп, билимдердин ассоциациясынын, эмоциялардын кеңири жыйынтыгы, табияты камтылат. Казак жана кыргыз ысымдарынын, башкача айтканда, антропонимдердин табияты түркологияда жана казак, кыргыз тил илиминде кеңири сөз болуп келет.

Казак жана кыргыз элинин үрп-адатына, ишенимине, салт-санаасына байланыштуу калыптанган, урпактан урпакка, атадан балага мурас болуп алмашып турган салттардын бири – ат коюу менен тыгыз байланыштуу маданий түшүнүктөр. Жаңы төрөлгөн наристеге ат коюу – байыркы мезгилдеги бардык этникалык коомго тишелүү салт. Ар бир коомдун, ар бир элдин өзүнүн тилдик, руханий-маданий, экономикалык, социалдык, ж.б. өзгөчөлүктөрүнө шайкеш өз салты калыптангандыгы белгилүү.

Антропонимдер адамдардын өткөндөгү турмушун, коомдук, социалдык түзүлүшүн жана материалдык, маданий болмушундагы кубулуштарды да чагылдырып көрсөтө алат. Казак антропонимикасынын негизин түзүүчү окумуштуу Т.Жанузаковдун, андан кийинки изилдөөчүлөр К.Рысбергенова, Б.Тилеубердиев, Ү.Ержанова, М.Мусабаева, Б.Бияров, З.Жангабылова, А.Арысбаев, Г.Мадиева, А.Жартыбаев, Қ.Кенжеханова, Ф.Ашимханова, Ж.Агабекова сыяктуу ж.б. окумуштуулардын изилдөөлөрүндө казак ысымдарынын да өзүнө тиешелүү тарыхы, улуттук маданиятка шайкеш социалдык мааниси жана кызматы, жаралуу, түзүлүү жолдору бар экени белгиленген. Ушундай эле көз караш кыргыз окумуштуулары Ш.Жапаровдун, К.Дыйкановдун, А.Осмонкуловдун, А. Жолдошбаевдун эмгектеринде да айтылган. Адам аттарынын табияты, кызматы да тил менен маданияттын өз ара байланышын көрсөткөн негизги жана маани-маңызы терең лингвомаданият таанымдык аспект болуп саналат.

*Адам аттарына* байланыштуу культтук лексемалар «Адам» темасындагы тилдик культтук лексемалардын ичиндеги саны эң көп лексемалардын катарына кирет. Окумуштуу Т.Жанузаков казак ысымдарын табият кубулуштары менен байланыштуу ысымдар, мал чарбачылыгына байланыштуу ысымдар, асыл металдарга байланыштуу атоолорго, жер-жемиш атоолоруна байланыштуу ысымдар, туугандык атоолор менен байланыштуу ысымдар, жер-суу аттарына байланыштуу коюлган ысымдар, түрдүү даам аттарына байланыштуу ысымдар, айбандар жана үй айбандары, куштарга байланыштуу ысымдар деп он лексика-семантикалык топко бөлүштүрөт [3, 40 -б.]. Биз ушул эмгекке таянып, «Адам аттарына» байланыштуу ысымдарды концептилик талаага кирген төмөндөгүдөй фреймдер боюнча карайбыз:

Түрк элдеринин дүйнө таанымында, руханий болмушу менен тиричилигинде, анын «аалам бейнесинде» культ концептисине кирген «Жаратуучу күчтөр» концептосферасы ***«Кудай», «Алла», «Теңир»*** культтук лексемаларынын тегерегине топтоштурулат.

Бардык элдин антропонимиясында аял, эркек ысымдары болот. Алар дүйнө тууралуу илим-билимди толуктайт, өзүнүн семантикасында эрге, аялга тиешелүү улуттук дүйнө таанымды, маданий-социалдык кубулуштарды бейнелейт. Ошондуктан жеке ысымдардын системасын изилдөөгө арналган гендерлик багыт антропонимияны жаңы кырынан кароого мүмкүндүк берет [4, 32 -б.]. Демек, киши ысымдарынын коюлушунда гендерлик система сакталат. Адам аттары элдин дүйнө таанымына, маданий-социалдык кубулуштарга, турмуш-тиричилигине, чарбачылыгына байланыштуу түшүнүктөр менен мотивдешет. Казак жана кыргыз эли ат коюуга өзгөчө көңүл бурушат. Наристенин ысымын жакшы, беделдүү кишилерге койгузуп, батасын алган. Жаңы төрөлгөн наристенин ысымын улуттук салтка карай ылайыктап, жакшы ат коюуга тырышышкан.

Казак, кыргыз ономастикалык мейкиндигинде «Адам» концептисине байланыштуу тилдик лексема-

лар *аял, эркек, алла, пайгамбар, периште, ханзада, сулуу, айбаттуу, өжөр, баатыр* деген ж.б. концептилерге бөлүнөт. Ошол концептилердин менталдык түзүлүштөрүндө түрдүү когнитивдик маалымат коддолгон. Маселен, *Алла* аттуу концепт эң байыркы мифологиялык кейипкерди сыпаттайт. Ал баланы жаратуучу бир алла деген ишеним өзгөчөлүктөрүн сүрөттөйт. *Айбаттуу өткүр, тайманбас, (каз. кайсар), баатыр* ж.б. ономастикалык концептилердин когнитивдик мейкиндигинде бөрүдөй эр жүрөк болуу үчүн боюна рух берип, намысын козгоо аркылуу баатырлыкка, эрдикке багытталган руханий мазмундуу ой-таанымдык маалыматтар антропонимдик система аркылуу тилдик негизде туюндурулган.

*Адам аттарына* байланыштуу культтук лексемалар семантикалык бир талаанын курамына кирет. Мисалга *кой* сөзүн алалы. Ал сөз (*кой*) семантикалык жактан «мал» семантикалык талаасына, *мал* сөзү *төрт түлүк* семантикалык талаасына, *төрт түлүк мал* сөзү *тирүү табият* семантикалык талаасына, *тирүү табият* сөзү *табият* семантикалык талаасына, ал эми *табият* сөзү *дүйнө*, (же *аалам*) семантикалык талаасына кирет. *Карышкыр* сөзү *айбан* семантикалык талаасына, *карышкыр* сөзү *айбан аттары* семантикалык талаасына, *айбан аттары* менен байланышкан сөз *тирүү табият* семантикалык талаасына, *тирүү табият* сөзү *табият* семантикалык талаасына, ал болсо *дүйнө* (же *аалам*) семантикалык талаасына кирет. Буларды бири-бирине багындырып, байланыштырып турган нерсе бир семантикалык талаанын курамына кирген тилдик бирдиктер жана алардын жалпы маанилери бир семантикалык талааны түзсө, тилдик бирдиктердин жеке маанилери дагы бир семантикалык талааны түзөт. Мындай сөздөр бири-биринен айырмаланып турат.

**«Алла», «Кудай», «Теңир», «Жасаган», «Жаппар»** сыяктуу культтук сөздөр негизги тирек компонент кызматын аткарып, *берди, берген* деген этиштер менен айкашып келип *Аллаберген, Теңирберген, Жасаганберген, Кудайберген, Аллаберди, Кудайберди, Теңирберди* сыяктуу киши ысымдары жасалат. Казак, кыргыз элининин түшүнүгүндө бул атоолордун сырткы формасы ар түрдүү болгону менен, мааниси жана маңызы бир. Бул культтук сөздөрдүн түпкүрүндө *кудай берди, кудай бере салды* деген таанымдык түшүнүк бар. Башкача айтканда, баланы жаратуучу *бир алла берди* деген ишеним менен балага ошондой ат берип, *«Алла+берді», «Кудай+берді», «Теңир+берді», «Алла+берген», «Кудай+берген», «Теңир+берген»* деген түзүлүштөгү моделдер жасалган. Адамдар балдарын жакшы көргөндө айткан *«алла берген», «алла бере салған», «Алланын берген құлы»* деген когнитивдик бирдиктер ушул максатта айтылып жүрөт деп эсептейбиз.

***Алла*** сөзүнүн алдына *Абды*, (Абды - عبد - арабча кул, пенде дегенди билдирет, б.а., Алланын кулу, пендеси деген мааниде) башкача айтканда, *пенде*, *кул* деген сөздү, кээде *Алла* сөзүнөн соң *Абды* деген сөздү кошуп адамдарга ысым кылып коюу салты болуп келген. Мисалы, *Абды* деген сөз башында келип, *Абдулла, Абдуррахман, Абдуррахим* деген адам аттары жасалган. Бул ысымдар тобуна кыргыздардын төмөнкү ысымдары окшош: Абды деген компоненти бар ысымдар: Абдыбек, Абдыгул, Абдыназар, Абдыкадыр, Абдырасул, Абдымомун, Абдыкул, Абдыкалык , ж.б.

Сөздүн аягында *абды* сөзү жалгашып келип, *Кудайкул, Жаппаркул, Теңиркул* деген адам аттары да жасалган. Пайгамбарыбыздан (с.в.с.) балдарга ат коюу тууралуу сураганда, ал: «Ысымдардын эң мыктылары – Аллахтын көркөм ысымдарына *Абды* сөзүн кошуп түзүлгөн ысымдар» деп айткан деген диний маалыматтар бар. Бул ысымдардын тереңинде *алла берген, алла бере салган, алланын берген кулу* деген максатта айтылган когнитивдик бирдиктер бар экени байкалат. Мындан *Абды, пенде, кул* сөздөрүнүн сөз жасоочу маанилери барын көрүүгө болот.

Мындар сырткары, ислам done динде Алланын 99 аты болгон. *Алланын 99 «көркөм ысымдары»,* ал ысымдардын ар түрдүү фонетикалык варианттары бар. Араб тилиндеги «Асмаул-Хусна» деген түшүнүк *эң жакшы ысымдар* же *көркөм ысымдар* деген маани берет. Түпкү мааниси боюнча мүнөз, касиет берген, даңктаган, мактоого алган арабча сөздөр көп болгон. Ошол сөздөр менен мусулман арабдар Алланы атап, ал аттар үлгү болуп келген жана адамга ат коюуда активдүү пайдаланылган, эң жакшы ысымдар деп эсептелинген. «Куран-Каримде» бул ысымдардын бардыгы бир жерде кездешпейт. Сүрөнүн аяттарында *әр-Рахман, әр-Рахим, әл-Мәлик, әл-Құддус, әл-Сәлам, әл-Мумин, әл-Мухаймин, әл-Азиз, әл-Жаппар, әл-Мутәкәббир, әл-Халиқ, әл-Бари, әл-Мусаууир, әл-Ғаффар, әл-Қаһһар, әл-Уәһһаб, әл-Раззан, әл-Фәттах, әл-Алийм, әл-Қабиз, әл-Басыт, әл-Хафиз, әл -Рафиғ, әл-Муғыззу, әл-Музиллу, әс-Сәмиғ, әл-Басир, әл-Хакам, әл-Адл, әл-Ләтиф, әл-Хабир, әл-Хәлим, әл-Азим, әл-Ғафур, әл-Шәкур, әл-Алий, әл-Кәбир, әл-Хафиз, әл-Муқит, әл-Хасиб, әл-Жәлил, әл-Кәрим, әр-Рақиб, әл-Мужиб, әл-Уасиғ, әл-Хәким* деген сыяктуу ж.б. ысымдар айтылат.

Биз Алланын «көркөм ысымдарынын» тилибизде адам аты катарында көп колдонулуп жүргөнүнө көп маани бере бербейбиз. Алланын токсон тогуз ысымынын эң урматтуусу – *ар-Рахману, ар-Рахиму* аттуу ысымдар. *Рахман* Алланын чексиз мээрими, кайрымдуулуктун ээси экенин билдирет. *Рахим* иш жүзүндө жардам, боорукерлик жасоочу деген маанини туюндурат. Мисалы, казак, кыргыз тилинде аталган сөздөрдүн негизинде төмөндөгүдөй адат аттары түзүлгөн: *әл-Рахман* – мээримдүү: *Рахман (Рақым, Ракымжан, Ракымбек, Рақымжан, Ракымкалы, Рақымқали, Ракманкул, Рақманқұл; әл-Рахим* боорукер: *Рақым (Ракым, Райым, Райымбек, Рахым, Абдырайым, Әбдірахым, Рахима (аял ысымы); әл-Малик* – бүткүл жаратылыштын ээси: *Малик, Мәлік, Маликбай, Мәлікбай; әл-Халиқ* – жаратуучу: *Эл, Эл берген, Калык, Абдыкалык, Әбдіәл; әл-Қадир* – кудуреттүү: *Кадыр, Қадыр, Абдыкадыр, Әбдіқадыр, Кадырбек, Қадыржан, Қадырбек, Кадыркул, Қадырқұл; әл-Хафиз* – бардык нерсени сактап туруучу: *Хафиз (Капыз, Капиза, Қапиз, Хафиза (Қапиза); әл-Муқит* – материалдык жана руханий азыктарды жаратып, аларга ээлик жасоочу: *Муқит/Мухит, Мухиддин, Мухитдин; әл-Жәлил* – күч-кубат жана бардык сапаттарында улуктук ээси: *Жалил, Жәлел (Жалел); әл-Кәрим* – пенделери сураса да, сурабаса да сыйлык көрсөтүүчү жана сыйлык берүүчү: *Керим, Керимбек, Керимбүбү, Кәрим /Карим, Каримбек, Жомарт; әл-Хәким* – бүткүл хикметтин, өкүмдүн ээси: *Аким, Акимбек, Акин, Акинбек, Хәким (Хәкім, Кәкімжан),* ж.б.

Казак, кыргыз тилине бирдей тиешелүү *Аллаберген, Теңирберген, Жасаганберген, Кудайберген* сөздө-

рүнө маанилеш *Тилепберген,Тилеуберген, Тилеукабыл* деген адам ысымдарынын негизги мааниси – *баланы алладан тилеп жүрүп көргөн, тилегини кабыл болгон* деген маани. Атоонун экинчи сыңарындагы *берген, кабыл* сөздөрүнүн да туунду сөздүн маанисине кошкон сөз жасоочу мааниси бар.

Культтук лексемалардын антропонимиялык кордогу үлүшүн казак, кыргыз тилиндеги ысымдар гана эмес, араб, перс тилдеринен кабыл алынган антропонимдер да түзөт. *Алла* араб тилинен, *Кудай* перс тилинен кабыл алынган. *Теңир* байыркы түрк тилинен, *Жаппар, Жаратуучу* – казак, кыргыз тилиндеги *Алла* сөзүнүн эквиваленти. *Аллаберген, Кудайберген, Теңирберген, Аллаберди, Кудайберди, Теңирберди, Кудайкул, Теңиркул, Жаппар, Жапаркул, Жапаралы* деген сыяктуу Жаратуучу күчтөргө байланыштуу түзүлгөн эркек адамдардын ысымдары азыркы учурда да кеңири кездешет.

Дал ушундай окшоштуктар башка да түрк тилдүү элдерде бар. **«Алла»**, **«Кудай»**, **«Теңир»** культтук сөздөрү түрк-татарлардын да адам аттарында: *Аллабирде, Аллабиргән, Аллагол, Ходайбирде, Кудайбакты, Ходайбакты, Тәңребиргән, Тәңребирде, Тәңрекол, Тәңребирдиев, Тәңребирдин, Тәңрегулов* деп кездешсе, *алла биргән, алла биргәнем, алла бабасының улы (кызы)* деген когнитивдик бирдиктер балдарын эркелеткенде көп айтылат. Татар антропонимиясын изилдөөчү окумуштуу Г.Р.Галиуллина: «В тюркском именнике встречаются следующие имена с компонентом Тенгри (Тәңре): *Тәңребиргән, Тәңребирде, Тәңрекол.* Традиционное для древнетюркского именника явление – употребление глаголов биргән, бирде «данный» в вышеназванных сложных именах указывает на особое место Тенгри в иерархии языческих божеств. В антропонимах, как в языковых знаках, сохранилась народная память предыдущих эпох. Мы полагаем, что мужские имена *Аллабирде, Аллабиргән, Аллагол, Ходайбирде, Кудайбакты, Ходайбакты* и т.д. концептуализируют те традиции, которые заложены предками тюрко-татар. Лаская ребенка, нередко называют его «алла биргән», «алла биргәнем», «алла бабасының улы(кызы) (данный богом, сын (дочь Всевышнего)» – деген оюн айтат [5, 40-б.].

Кыргыз антропонимикасын изилдөөчү окумуштуу Ш.Жапаров, К.Дыйканов, А.Осмонкулов, А.Жолдошбаев кыргыз элинде да Жаратуучу күчтөргө байланыштуу коюлган *Алдаберди, Теңирберди, Теңирберген; Эгем, Эгемберди; Кудайберди, Кудайберген, Кудайназар* деген адам ысымдары кездешкенин айтат. Мисалы, «Теңизбай журту жөнүндө» деген аңгемеде: «Балдарын кудулай баштаганда Теңизбай Суумурунга барат. «Мага тектүү жерден жубай таап бериңиз?» дейт. Суумурун карындашын күйөөгө берип, калың алып койгондуктан, өз кызын берүүнү макул көрөт. Андан *Алдаберди, Теңирберди, Кудайберди* деген уулдуу болот. Ошентип, алты уулдан көбөйүп өзүнчө эл болот» – деп айтылат [6, 40 -б.]. Ислам дининдеги элдер аркылуу, дин аркылуу ошол ысымдар казактардын, кыргыздардын ысымдар тизмесине кирген. Мисалы: *Жапар, Капар, Рахман, Ракым, Райым, Кадыр, Абдыкадыр, Абдымалик, Абдыразак, Абдыракман, Кадырбек, Кадыржан, Мухит, Жалил, Сабыр* ж.б. Өзбек антропонимикасын изилдөөчү Э.Бегметов: «Имена, *Тангриберген, Тангриберди, Тангриқул, Қуанышбек, Ойзада, Ойкон* связаны с культом неба, солнца, и луны, являются ярким свидетельством поклонения и почитания людьми этих небесных и наземных «божеств», – деп жазат [7, 18- б.]. Ал эми, түркмөн ономастикасын изилдөөчү З.Б.Мухаммедова түркмөн элинде да Ай, Күн, өсүмдүктөр менен жан-жаныбарларга байланыштуу ысымдар кездешкенин жазат: «Древнейшими, на наш взгляд, следует считать имена, восходящие к названиям атмосферных осадков, солнце, луны, растений, и животных» [8, 45- б.].

Жогоруда келтирилген казак, кыргыз, өзбек, татар тилдериндеги адам ысымдарынын коюлуу маанилери жагынан орток түшүнүктүк, дүйнө таанымдык байланыштар бар экени аныкталды. Бул түрк тилдериндеги адам ысымдарынын айтылышы айрым бир фонетикалык өзгөрүүлөргө учураганы менен алардын семантикасы бирдей.

Жыйынтыктап айтканда, изилдөөдө ***Алла, Кудай, Теңир, Жасаған, Жаппар*** сыяктуу ысымдар түрк, татар элинде, кыргыздарда кездешкени, адам ысымдарынын коюлуу маанилери жагынан орток түшүнүктүк, дүйнө таанымдык байланыш бар экендиги аныкталып, улуттук дүйнө таанымдагы «Жаратуучу күчтөр» концептисинин когнитивдик модели ***Кудай, Алла, Теңир*** синонимдеш концептилер аркылуу аныкталары маалымдалды. Ушул сыяктуу этностук дүйнө таанымга жана каада-салтка, ишенимдерге байланышкан байыркы лексиканын негизинде калыптанган когнитивдик бирдиктерге этнолингвистикалык талдоолор жасалды. *Кудай, Алла, Теңир* тирек сөздөрүнүн жардамы менен жасалган культтук фразеологизмдердин түрк элдеринин дүйнө таанымдык системасында алган орду айрыкча экени, алар мифтик-таанымдык бирдиктердин катарына кирери, адам аң-сезиминде дүйнөнүн көрүнүшү когнитивдик түзүлүш, когнитивдик бирдиктер аркылуу ишке ашырылары, когнитивдик моделди калыптандырган адам ысымдары: *Кудайберди, Кудайберген, Кудайкул, Аллаберген, Алдаберген, Алла, Аллажар, Теңирберген, Жаппар, Жаппаркул* деген ж.б. аталышта кездешери, Алла тааланын улук деген **99 (токсон тогуз)** ысымынын тилибизде адам аты катарында көп колдонулуп жүргөнү, антропонимдер руханий, материалдык, таанымдык менталдык-когнитивдик түрдө белгиленгени менен өзгөчөлөнүп турары фактылардын негизинде аныкталып баяндалды.

***ПАЙДАЛАНҒАН ӘДЕБИЕТТЕР ТІЗІМІ:***


1. *Кайдаров А.Т. Казак тилинин өзөктүү маселелери: Актуальные вопросы казахского языка. - Алматы: Эне тили, 1998. - 304 б.*
2. *Маслова В.А. Когнитивная лингвистика. - Минск: ТетраСистемс, 2004. -256 с.*
3. *Жанузаков Т. Казак ысымдарынын тарыхы. - Алматы, 1971. -218 бет.*
4. *Шокым Г. Тилдин гендерлик жиктелишинин илимий негиздери. Автореф. фил. ил. д-ры.: 10.02.19. - Алматы, 2009.-46 б.*
5. *Галиуллина Г.Р. Татарская антропонимия в лингвокультурологическом аспекте. Автореферат дисс. ...доктр. филол. наук. -Казань, 2009. С.40*
6. *Осмонкулов Ж.Теңизбай журту жөнүндө.// http:// sanjira. ru/sanjyra 126.html. Б.40.*
7. *Бегметов Э. Антропонимика узбекского языка. - Ташкент, 1965. С.18*
8. *Мухаммедова З.Б. Исследование по истории туркменского языка XI-XIV вв. - Ашхабад, 1973. - С.45.*